УДК: 94:94 (5)

Джунушев К.В.
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# ТИЛЕКМАТ АКЕНИН ТЕК-НАСИЛИ

Тилекмат акенин тек-дареги жөнүндөгү маалыматтар оозеки айтылып келе жаткан санжыраларда гана кездешет. Ал тууралуу (тек-дареги тууралуу) өз мезгилинде жазылып калган юридикалык документтер жок.

Санжыра демекчи, ал – кыргыз элинде оозеки тарых. Оозеки тарыхта кыргыз элинин байыртан бери башынан өткөргөн жашоо-турмушу, каада-салты, үрп-адаты, башка элдер менен карым-катышы, эл ичинен чыккан өнөрпоздор – манасчылар, жомокчулар, акындар, ойчулдар, акылмандар, баатырлар, билермандар, эл башкаруучулар ж.б. жөнүндө айтылып келе жаткан өтө эле көп маалыматтар, уламыштар кездешет. Кыскасы, санжырада бардык нерсе камтылган. Ошондуктан кыргыздар санжырага өтө терең маани берип, аны кунт коюп угушуп, укумдан тукумга улап келишкен. Санжыранын уланышында анын жаңы варианттары пайда боло берген. Ушул негизде санжыра кыргыз элинде түгөнгүс кенч, учу-кыйры жок мухит (океан) деп айтылат. Санжыранын милдетин, маани-маңызын, камтыган окуяларын эске алып, XX кылымдын дүйнөлүк атактуу жазуучусу Ч.Айтматов: «... санжыра – элдин улуттук эн тамгасы жана анын таануу белгиси», - деп баалаcа, профессор, белгилүү санжырачы С.Закиров: «Кыргыздар өткөн окуяларынын тарыхын камтыган уламыштарын санжыра деп атаган. Кыргыз санжырасы учу-кыйры жок жол, чубай берсе түгөнбөгөн, учугу жок жип», - деп айткан [1, 3-4]. Чындыгында, санжыра ушундай кенен, анткени ал камтыган тарых көп варианттуу.

Тилекмат акенин тек-дареги жөнүндөгү маалыматтар да ар түрдүү. Колдо бар санжыраларга караганда, сөз болуп жаткан бул адам жөнүндө он чакты варианттагы маалыматтар бар. Анын бирин Алтымышбай уулу Мукамедий айтып берген. Бул адам совет мезгилинде райкомдун секретары, айыл кеңешинин төрагасы, колхоздун башкармасы болуп иштеген. Ал – философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз илимдер академиясынын академиги Асылбек Алтымышбаевдин бир тууган агасы. Бул адамдар – Тилекмат акенин чөбөрөлөрү. Мукамедий аксакал (көзү өтүп кетти) – абдан билимдүү адам. Бул кишинин айтуусу боюнча, Тилекматтын атасы - Жылкыайдар, чоң атасы - Алымбек (Алимбек), бабасы - Кемпир (Кампир), жотосу - Кешикчи, кубарысы Төлөк, жетеси - Torойчу. Андан аркы тегин Мукамедий аксакал айтпастан эле алардын уруусуна өтүп кеткен. Алардын уруусу – сары баргы. Ош облусунун Кара-Кулжа районунда Алайкуу деген тоо койнундагы жер бар. Ошол жерде сары баргы уруусу жашайт. Кара-Кулжада баргы уруусунан үчөө бар: кара баргы, сары баргы, таз баргы [02, 63].

Алтымышбай уулу Мукамедий Алымбекти алайлык деп айткан. Жок, ал алайлык эмес, алайкуулук. Бул адамдын чыныгы аты – Алимбек. Биз кыргыз адабий тилиндеги тыбыштардын үндөштүк мыйзамы боюнча анын атын Алымбек деп айтып жатабыз. Ал өз жеринде, өз элинде Алимбек деп айтылат. Экинчиден, Алимбекти (бул бек болгон адам) алайлык Алымбек датка менен чаташтырбоо керек. Алайлык Алымбек датка Асан деген бийдин уулу болгон. Бул адам бүт өмүрүн Кокон хандыгында жана Алайда датка кызматын аткаруу менен өткөргөн. Ал эми Алимбек деген бек – Чыгыш Түркстанды башкарган беш бектин бири.

Сөз кылып жаткан биринчи вариантта Мукамедий аксакал да, Тилекмат акенин дагы бир чебереси Кален Жетимишбаев да (бул – санжыра жыйнаган

адам) Жылкыайдардын энеси Ат-Башыдагы Боорсок бийдин чаткалдык жээнинин кызы деп айтышат. Бул вариантта Жылкыайдардын энесинин да, таятасынын да аттары аталган эмес. Чындыгында, бул маалымат этеремиш (божомол).

Чаткал, биринчиден, Жалал-Абад облусунун Өзбекстан менен чектешкен жеринде жайгашкан. Экинчиден, Чаткал – тоо арасында жайгашкан малга жайлуу жер. Ат-Башы болсо Нарын облусунун Кытай Эл Республикасы менен чектеш өрөөндө. Бул эки жердин аралыгы өтө эле алыс. Мал жайлатыш үчүн барыш-келиш жасоонун зарылдыгы жок.

Сөз болуп жаткан биринчи вариантта алайкуулук бек (Алимбек) Боорсок бий менен таанышып, жакшы ниет менен карым-катыш жасайм деген максатта Ат-Башыга келет. Ал жерде Боорсок бийдин жээнинин кызын көрүп, анын сынбатын, ийкемдүү иш-аракетин жактырып, үйлөнүүгө демилге коюп калат. Бул оюн Боорсок бийге айтканда, ал да колдоо көрсөтөт. Ошентип, Алимбек Ат-Башыдан экинчи аялын алат. Биринчи аялы – алайкуулук. Андан Суран деген бир эркек балалуу болот.

Экинчи вариантты Баракан уулу Мукаш айткан. Мукаш аксакал да Тилекмат акенин уулу атактуу Чыныбайдын небереси: Тилекматтан Чыныбай, андан Баракан, Баракандан Мукаш. Баракан да - атасы Чыныбай сыяктуу эл башкарган адам. Ал азыркы Каракол шаарынан Тоң районуна чейинки аймакты башкарган.

Мукаш аксакал айткан санжыранын варианты, чындыгында, Ысык-Көл айланасында атагы чыккан белгилүү санжырачы Данияр уулу Кулбарактыкы. Экинчи вариант боюнча Жылкыайдардын чыныгы атасын Боорсок бий менен Бирназар бийден (Жети-Өгүз районундагы Чоң Белектин тукуму) башка эч ким билген эмес. Ал экөө башынан эле убадалашып, эч кимге айткан эмес. Бул вариантта Жылкыайдардын атасы түштүк тараптагы кыргыздардан чыккан бий имиш. Экинчи варианттагы санжырада анын аты жана Жылкыайдардын энесинин аты да аталган эмес. Бирок энеси Боорсок бийдин колуна келгенде, өзүнүн атасы Какшаал тарапта жашай тургандыгы жөнүндө бир ооз гана сөз менен кабарлап койгон. Биздин иликтөөбүз боюнча ушул маалымат чындыкка ылайык келет.

Үчүнчү вариантты Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Боз-Бешик айылынын тургуну, уруусу боюнча дөөлөс (түштүк тарапта төөлөс) Мамбетсейит уулу Абдыш айтып жүрөт. Анын айтуусунда, Жылкыайдар черик уруусунун бай адамы Кожомкул дегендин токолунан төрөлгөн. Бул санжырада Кожомкулдун кайсы жерлик черик экендиги жөнүндө айтылган эмес.

Кыргыздарда черик уруусу гана эмес, башка уруулары да чачыранды аймактарда жашары белгилүү. Мисалы, Тилекмат аке жашап өткөн Ысык-Көл өрөөнүндө кыргыздардын бардык урууларынын – саяк, коңурат, кытай, катаган, моңолдор, черик, басыз, мундуз, саруу, дөөлөс, баргы, багыш, баарың ж.б. айыл-айыл болгон өкүлдөрү илгертен бери эле жашашат. Черик уруусу Кыргыз Республикасынын аймагында гана эмес, Кытай Эл Республикасынын Ак-Суу Автономиялык облусунда да жашайт. Биз иликтеп жаткан материалдарга караганда, Абдыш аксакалдын санжырасы чындыктан бир кыйла эле алыс.

Төртүнчү вариантты эл арасында кыйла эле белгилүү болуп калган санжырачылар Бараканов Акун, Алымбаев Темиркул жана Иманов Давлеткарылар калтырып кетишкен. Булардын бардыгынын көздөрү өтүп кеткен. Аталган адамдар - Жети-Өгүз районуна караштуу Ак-Дөбө айылындагы дөөлөстөр. Алардын вариантынын өзөгү окшош болгондуктан, топтоштуруп

берүүгө туура келди.

Төртүнчү вариантта Ош облусунун Өзгөн деген жеринде эки аялы болсо да, баласы жок бир атактуу бий болуптур. Ал улгайып, карылыкка моюн сунуп бараткаңда, артымда калган балам жок, жыйган-терген дүнүйөмө, мал-жанга ким көзөмөл болот деп санаркап жүргөн мезгилинде, көптү көрүп, көптү туя билген көзү ачык сынчыны чакырып алат да, ага арыз-муңун айтып, мага төрөй турган аял таап бер, эл ичи кенен эмеспи, сен эл-журтту кыдырып көр деген өтүнүч кылат. Сынчы кыргыздын түштүк тарабын бүт аралап чыгат, бирок атактуу бийге төрөп бере турган кыз таппайт. Акыры сынчы Какшаалдан тектүү бир манаптын кызын көрүп, ушул төрөп берет деп, ошол кызга үйлөндүрөт.

Кыздын аты – Айымжан. Сынчы айткандай, көп убакыт өтпөй эле кыздын боюна бүткөн кезде бий көз жумат. Кош бойлуу келинди, боюндагы баласы мураскор болот, бийдин бардык байлыгы анын баласына калат да, биз сүрүлүп калабыз. Андан көрө бул келиндин көзүн тазалайлы деген чечимге келишет мурунку эки күнүлөшү. Күнүлөштөрдүн бул бүтүмүнүн шек-шыбасын Айымжандын жакшы санаалаштары билип калып, аны (Айымжанды) түн жамынып, жолдун болжолдуу багытын айтып беришип, төркүнүнө качырышат. Орто жолдо келин Ат-Башыдагы Боорсок бийдин жылкысына күтүүсүздөн жолугуп калат. Жылкыларды караан тутуп турган кезде бийдин жылкычылары айыл тараптан келип калышат. Алар келиндин ким экенин, кайдан келип, кайсы тарапка бараткандын сураштыра келгенде, келин дайнын толук айтпай эле, Боорсок бий таякеси экенин, дал ошол таякесине келаткандыгын кабарлаганда жылкычылар ага жылуу-жумшак мамиле жасашып, келинди бийдин үйүнө алып келишет. Келин Боорсок бийдин үйүндө жүргөндө күндөн күн өтүп, аман-эсен көз жарат. Эркек бала төрөйт [03, 75-76].

Бешинчи вариантта Тилекмат акенин тек-дарегинин бир канаты (энеси) – калмак. Илгери кыргыз менен калмактын кайсы бир чабышында анын атасы Жылкыайдар (калмак менен кыргыздын чабышы көп болгондугу тарыхта белгилүү) колго түшкөн калмак кыздан төрөлгөн. Бул вариантта атасынын аты, так дареги айтылган эмес. Байкоого караганда, бешинчи вариант – жөнсалды эле этеремиш.

Бешинчи вариантка үстүртөн бир аз жакындыгы бар алтынчы вариант кездешет. Бул вариантты атактуу жазуучу Түгөлбай Сыдыкбеков калтырган. Анын айтуусу боюнча, Бирназар бий кол курап, калмактар менен согушуп, алардын күлүн көккө сапырып жеңет. Үйүнө кайтып келе жатканда жолунан бир келин кездешет. Бий ал келинди өзүнө нике кыйдырып алат. Жылкыайдар ошол келинден төрөлөт.

Түгөлбай Сыдыкбековдун санжырасында да калпыстык бар. Биринчиден, Бирназар бий, кол курап, эч качан калмактар менен согушкан эмес. Ал бугу уруусунун Чоң Белек уругун башкарган, жоокерчиликтен алыс бий болгондугун ушул күнгө чейин эл айтып жүрөт. Экинчиден, Жылкыайдар Бирназар бийдин өз баласы эмес, бакма баласы экендигин Бирназардын тукумдары да, Жылкыайдардын тукумдары да далилдүү мисалдар менен айтып жүрүшөт. Үчүнчүдөн, Бирназар бий эч качан жолдон аял алган эмес. Өз тукумдарынын айтуусунда, анын эки гана аялы болгон: улуу байбичеси – Бүкө, экинчиси – Күмүшай (Жылкыайдардын энеси).

Жетинчи вариантты Ош мамлекеттик университетинин доценти, кесиби боюнча журналист Эркебаев Маматемин күндөлүк басмалардын биринде

жарыялады [3]. Бул вариантты жаңы маалымат десек болчудай, анткени Нарын, Ысык-Көл областтарында мурда айтылып жүргөн санжыралардан алда канча так жана чындыктын жүзүн ачкан маалыматтар берилген.

М.Эркебаевдин «Тилекмат элчи» деген макаласында Жылкыайдардын атасы – Алимбек. Бул адам 1795-1800-жылдары Чыгыш Түркстандагы Кашкарды башкарып турган беш бектин бири болгон. Алимбек өзү менен бирге иштешкен берки төрт бекке караганда, элге өтүмдүү жана жагымдуу, эл менен байланышы бекем болгондуктан, анын эл арасындагы кадыр-баркы, таасири жогору болуп, элдин көбү ага оой баштаганын төрт бек көрө албай, аны өлтүрүүнүн айласын издей башташат. Күндөрдүн биринде төрт бек, алардын ишенимдүү деген санатылуу гана жигиттери качан жана кандайча ыкма менен өлтүрүү жөнүндө сүйлөшүшөт. Ошондо бектердин бири убакыт узарып кетсе, биздин бул чечимибиз билинип калышы мүмкүн. Убакытты созбостон, эртеңки түнү эле өз үйүндө уктап жаткан жеринен жок кылабыз десе, анын сөзүн кылгандары да колдоп кетишет.

Даанышман деген – даанышман, мыкты деген – мыкты. Ошол жашыруун жыйынга катышкан бектердин бир жигити Алимбекти бек катары да, адам катары өз ичинде жактырып жүрчү экен. Ал Алимбекти өлүмгө кыйбай, ошол эле жыйын болгон түнү келип, сени эртең өлтүргөнү жатышат. Сен бүгүнкү түнү эле качпасаң, эртең кеч болуп калат дейт. Бул суук кабарды уккан соң Алимбек, көп дүрбөлөң болбосун деп, 4-5 гана жигитин алып, түн ортосу оогондо качып чыгат. Анын качканы да берки бектерге билинип калып, артынан куугун түшөт. Ошол арада Алимбектер Ак-Сайдын (Ат-Башыдагы жайлоо-кыштоонун) Кытай менен чектешкен ашуусуна келип калышкан экен. Куугунчулардын кыйкырык-сүрөөсү угулуп калган кезде, Алимбек:

- Мен жигиттерим менен куугунчуларды жолдун удулунан алаксытайын. Сен (аялы Күмүшай) кош бойлуусуң, ай-күнүң жетип турат. Биз менен катуу жүрө албайсың. Аман-эсен ашууну ашсаң (дагы бир вариантта Торугарттын ашуусу деп айтылат), Боорсок бийдин жерине барасың. Ал биздин таякебиз болот. Мен аман-эсен элиме жетсем, бат эле сага келип алып кетем. Сен ага чейин ошол жерде баш калкалап тур. Мен келгенче төрөп калсаң, эгер ал эркек болсо, атын Айдар кой, кыз болуп калса, өзүңдүн билишиңче ат кой дейт.

Ушул жерде Жылкыайдардын энеси жөнүндө эскерте кетели. Энеси Күмүшай (дагы бир вариантта Айымжан деп айтылып жүрөт) Чыгыш Түркстандын Какшаал деген жериндеги (бул жерди түштүктөгү кыргыздар Каты-Багыт деп коюшат. Не дегенде, ал жер тоолуу чөл, жашоого кыйла эле оор жер экен) атактуу бийдин кызы болуптур. Күмүшай санжыра айтымында атына заты жарашкан ары келишимдүү сулуу, ары акылдуу, адамкерчиликтүү, ары ыймандуу, кызга мүнөздүү жүрүм-турумду бекем сактаган адам болгон дешет.

Оңдой берди болуп, Күмүшай жайыттагы жылкы четиине келсе, жылкычылар, бул качып келе жаткан аял экен, кайдансың, кайда барасың деп суракка алышканда, Күмүшай:

- Мен Боорсок бий деген таякемдикине бара жатам, - деген жоопту берет. Көрсө, тиги шакаба чеккен жылкычылар дал ошол Боорсок бийдин жылкычылары экен. Алар келиндин жообун уккандан кийин:

- Кокуй! Оозубузду басалы, биздин шакабаны келинден бийибиз угуп калса, баарыбыз уят болобуз дешип, аны сый-урмат менен бийдин үйүнө алып барышат.

Тек-жайды сурашып отурганда Күмүшай болгон окуялардын бардыгын ирети менен төкпөй-чачпай айтып берет.

Алимбектин Күмүшайды Боорсок бийге жөнөткөнүнүн жөнү бар. Көрсө, бек менен бий мурдатан эле жакындашып, алыш-бериш жасап жүрүшкөн экен.

Арадан көп өтпөй келин эркек төрөйт. Балага асан чакырып ат коөрдо келин Алимбектин өтүнүчүн Боорсок бийге айтат:

- Эркек төрөсөң, атын Айдар кой деди эле атасы. Айдар коөлубу дегенде, Боорсок бий:

- Атасы айткан атты коюшубуз керек. Мен макулмун. Ошондой болсо да, менин сунушум бар. Кош бойлуу келин жылкы четинде табылды эле. Ошону эске алып, баланын атына жылкы деген сөздү кошуп, Жылкыайдар деп ат коөлу десе, баланын энеси да бул сунушту туура көрөт. Ошентип, баланын аты Жылкыайдар коюлган.

Алимбек болсо жигиттери менен аман-эсен эле элине келет. Бирок жолдо келе жатканда суукка урунуп, катуу ооруп калат. Чымырканып эптеп айылына жеткенден кийин көп өтпөй эле Алимбек жарык дүйнө менен кош айтышат. Бул окуя 1800-жылы болгон. Алимбек өлгөндөн кийин Күмүшай Боорсок бийдин колунда кала берет.

Эми Күмүшайдын Бирназар бийдин колуна өтүшү жөнүндө маалымат бере кетели. Боорсок бийдин кыздуу болгонун угуп, Бирназар Нанжебес деген уулуна алып берем деп, кудалашып, кыздын калыңын толугу менен өткөрүп, убадалашып койгон экен. Алдын-ала кудалашып коюу кыргыздын салты болгон. Мындай салт белгилүү бир максатка ылайыкташтырылган: же алардын (кийинки жаңы кудалардын) ата-бабалары мурда эле куда-сөөк болушуп, кийинкилери кол үзүшпөй жүрүш үчүн сөөк жаңыртышкан, же аттуу-баштуу адамдар болушса, карым-катышты, алыш-беришти бекемдөө максатында кудалашышкан. Чындыгында, көлдүк жана ат-башылык бийлер мурда эле бирин-бири жакшы билишип, өз ара сыйлашып жүрүшкөн. Ошол сый-урматты дагы бекемдеш үчүн алар алдын ала кудалашып коюшкан.

Ошол арада, Күмүшай Боорсок бийдин колунда жүргөн мезгилде, Боорсок бийдин кызы Айжаркын бойго жетип калган болот. Бул абалды Боорсок бий Бирназарга билдирип, келинин алып кетүүгө мезгил жеткендигин кабарлайт. Кудасынан жылуу сөздү угар замат урук-тууганынан он чактысын, байбичеси Бүкөнү, үйлөндүрүүчү уулу Нанжебести алып, Ат-Башыга жетип барат. Бир нече күндүк сый-урматты көргөн соң Бирназар бий кетүүгө убакыт болуп калгандыгын Боорсок бийге билдирет. Боорсок бий бул өтүнүчтү кабыл алып, байбичесине кеңешет. Байбичеси кызынын себи шайма-шай экендигин, бирок убакыттын чектелүүсүнө байланыштуу чоң ак өргөнүн чыгданы чырмалып бүтө электигине өкүнөт. Анда бий:

- Чыгдан бүтө элек деп күттүрмөк белек. Чыгдан ордуна башка нерсе беребиз да, - десе, байбичеси сүйүнүп кетет.

Сүйүнүчтүн да жөнү бар эле. Анткени Боорсок бийдин Күмүшайды көңүлүндө жактырып, акыры аялдыкка аларына дит коюп жүргөнүн байбичеси сезип жүргөн. Ушул жагдайды пайдаланып, байбиче кызы Айжаркынга келип:

- Кызым, боз үйдүн чыгданынын ордуна биз көрүнүктүү бир нерсе бермей болуп жатабыз. Ошол нерсе Күмүшай болсун. Сени атаң абдан жакшы көрөт, сөзүңдү эки кылбайт. Сен атаңа мындайча айт:

- Ата, мен мурда көрүп билбеген жерге, бөтөн элге кетип баратам. Күмүшай экөөбүз эже-сиңди катары ынаак, сырдаш болуп кеттик. Биз бири-бирибизге караан болуп жүрөлү. Мага Күмүшайды кошуп бер, - деп айтсаң, атаң шагыңды

сындырбайт деген кеңешин берет энеси. Кызы Айжаркын бул сунушка абдан сүйүнөт да, атасына барып, өтүнүч кылат. Атасы ойлонуп туруп, макулдугун берет. Ошентип, Күмүшай эми Бирназар бийдин колуна өтөт.

Салт боюнча бардык ырым-жырым аяктаган соң, Бирназар бий куда-сөөктөрү менен кош айтышып, айылын көздөй жол тартат. Ушул эле окуяда, Күмүшайдын Бирназар бийдин колуна өтүшүндө, дагы бир чакан вариант айтылып жүрөт. Күмүшайды Айжаркынга кошуп берүүдө демилгечи Боорсок бийдин байбичеси эмес, Бирназар бийдин өзү болгон. Бир нече күн кудалык сый-урматта болуп жүргөндө Бирназар Күмүшайды, анын бешиктеги баласын көрүп, жана алардын дайынын угуп калат. Бирназар бий кыраакы, сезимтал адам болгон дешет. Бий байбичеси Бүкөгө:

- Сен чыгдан доолап эмне кыласың. Андан көрө чыгдан ордуна бешиктеги баласы менен Күмүшайды сура. Ал Айжаркынга караан болуп жүрсүн, - деп айтат. Эгер аларды бизге берип калса, бешиктеги бала төгүн бала эмес, андан бир мыкты адам чыгат. Биз аны асырап алабыз дейт. Бул кепке Бүкө макул болуп кудагыйына айтса, ал андан бетер сүйүнүп, кызына (Айжаркынга) барып, жогоруда айтылган оюн айтат. Эмнеси болсо да, Күмүшай ушундай жол менен Бирназардын колуна келет.

Бирназар бий жол таркандын эртеси кечке маал Нарын дарыясына келет. Суу кечип бара жатканда Күмүшайдын аты мүдүрүлүп, бала бешиги менен сууга агып кетет. Энеси бободой боздоп, баланын өлүү-тирүүсүн билмейинче бул жерден жылбайм. Баланы издегиле деп суранат. Бул учур кечки күүгүм түшүп калган маал болот. Жолоочулар жүктөрүн түшүрүп, дарыя жээгинде түнөп калышат. Эртеси жерге жарык түшөрү менен дарыяны бойлоп, бийдин жигиттери издеп баратышса, суунун катуу серпиндиси менен бешик бир чоң таштын үстүндө (дагы бир вариантта суунун аралчасында деп айтылат) туруп калганын көрүшөт. Жигиттер сүйүнгөн бойдон ташка жетип барышып, баланы жээкке алып чыгышып, жүзүн ачса, бала тердеп жаткан болот.

Ушул окуянын дагы бир вариантында жигиттер баланы издеп баратышса, алыскы жээкте боздогон тайлактын үнү угулат. Үн чыккан жакты утурлап барышса, бала бешиги менен таштын үстүндө турат. Үчүнчү бир легендалаштырылып айтылган вариантта суунун аралына чыгып калган бешиктеги баланы марал эмизип турган болот. Ошентип, эмнеси болсо да, бала аман-эсен тирүү табылып, энесинин колуна тиет.

Бирназар бий айылына келген соң, Күмүшайды өзүнө нике кыйдырып, токолдукка алат. Андан бир кыздуу болот. Кыздын өмүрү кыска экен, бойго жеткенде оорудан өлүп калат.

Айдан ай, жылдан жыл өтүп, Жылкыайдар тестиер болуп калган кезде (7-10 жаш курагында), абдан илбериңки, кичипейил, сылык, тапшырган жумушту ойдогудай аткарган бала болгонуна Бирназар ыраазы болуп, өз балдарынан артык болбосо, кем көрбөй жүрөт. Бала 12-13 жашка келгенде, бий атасына:

- Ата, мен жылкыны абдан жакшы көрөм. Жылкы жаныбар күн-түн эсимден кетпейт, ал турсун кээде түшүмө да кирет. Мени жылкычыларга кошуп, жылкы кайтартыңызчы деп өтүнөт. Бий жакшы көргөн баласынын сөзүн эки кылбай, аны жылкычыларга кошуп коөт. Ошол күндөн анын уулу Тилекмат бойго жеткенге чейин Жылкыайдар жылкычылык кызматын аткарган.

Дагы бир вариантта Жылкыайдар 13 жашка чыгып калганда, анын жылкыга өтө жакын экендигинен улам, Бирназар бий чакан той берип, азан чакырып, атын

Жылкыайдар койгон, буга чейин бала Айдар деген ат менен эле жүргөн дешет. Бул – этеремиш сөз. Кыргыздын салты боюнча, негизинен, бала төрөлгөндө эле бир ат коюлат. Ага төрөлгөндө Жылкыайдар деген атты Боорсок бий койгондугу чындыкка жакын.

Сегизинчи вариантта Жылкыайдар черик уруусунан имиш. Жылкыайдардын атасы Кожомкул деген бай адам болгон. Анын уруусу – черик. Ошол Кожомкулдун токолунан төрөлгөн. Имишке Караганда, Кожомкул – ат-башылык черик. Анткени анын улуу байбичеси Боорсок бийдин байбичесине чыгдан бересе болуп калат. Ошол чыгдан ордуна баласы менен токолду берет («Назар» газетасы, 01.09.09).

Колдо бар маалыматтарга караганда, бул вариантта айтылгандар чындыктан өтө эле алыс. Ким эле бир буюм үчүн баласы менен аялын бирөөгө бермек эле? Өзгөчө, кыргыздарда мындай окуя болгону бир да санжыра-уламыштарда кездешпейт.

Жылкыайдардын түпкү теги боюнча дагы бир тогузунчу вариант айтылып жүрөт. Бул варианттын автору – Сыргак Сооронкулов. Анын «Бердике беш берен» аттуу санжырасы «Кыргыз санжырасы» деген жыйнакта (- Бишкек: «Ала-Тоо» журналынын редакциясы, 1994) жарык көргөн. Ал санжырада Борукенин Шаботосунун тукумунан (Боруке – Бердикенин атасы Сырдыбайдын агасы) бир жигит Ысык-Көлгө барып, колукту алып келет. Күндөрдүн биринде келин дайынсыз жоголуп кетет. Көрсө, төркүнүн сагынган келин бир бээни минип алып төркүнүн издеп, Таластан көлгө барат. Келиндин кайын-журту таластык саруу экен. Келин көлгө жеткенде, бир жылкычыга жолугат. Ошол кезде келин кош бойлуу болуп, ай-күнүнө жакындап калган учур болот. Анда жылкычы:

- Сен кош бойлуу экенсиң. Кыргыздын салтында кыз кош бойлуу болуп төркүнүнө качып барбайт. Андай иш уят болот. Боюңдан бошонгуча менин үйүмдө жүрө бер. Сен аман-эсен көз жаргандан кийин, төркүнүңө мен алып барам дейт.

Ондой берди болуп, келин аман-эсен уул төрөйт. Жылкычы баланын атын Жылкыайдар коөт. Тилекмат дал ушул Жылкыайдардын баласы деп айтылат бул вариантта.

Тилекматтын баласы Чыныбай көл өрөөнүн башкарып турганда, саруу туугандарына Жууку өрдөшүнө туташ кенен, малга жайлуу жерди бөлүп берген. Мындай жайлуу жерди саруууга берүү бекеринен эмес деп айтылган. Бул санжыранын автору С.Сооронкулов:

- Мен мындай маалыматты Таластагы 90 жаштагы чоң санжырачы Эсенбай молдонун айтканынан пайдаландым. Чыныбайдын түпкү атасы – Турсункан, - дейт («Кыргыз санжырасы», 229—б.). Демек, Бердикенин көлдөн колукту алып кеткен карачечекей тууганынын аты Турсункан экен да.

Ошентип, бул вариант боюнча Тилекмат акенин тек-насили таластык саруудан экен. Чыныбайдын Ысык-Көлдө Чыныбай болуп турганында көл өрөөнүнүн соорусу болуп эсептелген жайлуу жердин бирин, болгондо да Жуукунун өрдөшүнөн тартып көлгө чейин созулуп жаткан кенен жерди, саруу уруусуна туугандык кылып бериптир. Демек, Чыныбай түпкү теги саруулук экендигин мурда эле билип жүрчү турбайбы. Түпкү теги саруу экендигин Тилекмат аке, анын атасы Жылкыайдар билбей эле, баласы Чыныбай билген турбайбы? Эмне дегенде, Жылкыайдардын, анын уулу Тилекматтын тушунда

алардын саруу уруусунан экендиги эч бир санжырада (ушул этеремиш санжырадан башка) айтылмак турсун, эскертилген да эмес.

Санжырачы С.Сооронкуловдун маалыматын колдогон, тагыраак айтканда, Тилекматтын тек-насили саруу уруусунан экендигин колдогон, дагы бир пикирди санжыра иликтөөчү Кайнарбек Бийлибаев жазыптыр [3]. Анын жазганына караганда, Таластан көлгө барып отурукташып калган Мөндөк баатырдын уулу Мамажан менен Тилекматтын Чыныбайы – замандаш. Жууку өрөөнүндө саруулар, Тилекмат айылында анын (Тилекматтын) тукумдары жашашат. Чыныбайдын чоң атасы саруудан энесинин боюнда келгенин, Мөндөк уулу Мамажан менен туугандаш болгону жөнүндө С.Сооронкулдовдун жазганын К.Бийлибаев толук колдоого алган [6].

Жуукудагы саруу уруусунан чыккан чоң молдо, өз учурунда көл өрөнүндөгү атактуу санжырачы Жээренбай ажы деген болгон. Анын айтуусунда, Мамажан менен Чыныбай замандаш гана эмес, бири-биринин кадыр-баркын билген, адамгерчилик менен бири-бирин урматташкан, сыйлашкан адамдар болушкан.

Таластан ооп келген саруулар Ысык-Көлдүн күнгөй жана тескей тараптарында гана эмес, жогорку Чүй (Кеминге чектеш тарабы), Кемин, Нарын аймактарында да чачыранды болуп отурукташып келген. Ошол чачыранды саруу уруусун бир жерге отурукташтыруу максатында Мамажан Чыныбайга келип, биз (саруулар) болуш шайлоодо гана эмес, ар кандай түйүндүү, орчундуу маселелерди чечүүдө дайыма сени колдоп, түбөлүк сен тарапта болобуз. Мен чачыранды саруулар менен убадалышып келдим. Алардын бардыгын Жуукунун жайыгына топтоюн, сен ошол жерди бер, - деп өтүнгөндө, Чыныбай ойлонуп туруп, макулдугун берген дейт Жээренбай ажы. Жээренбай ажынын санжырасы - кечээки эле санжыра. Ал адам 1950-жылдары эле кайтыш болгон.

Жыйынтыктап айтканда, санжыра деген – санжыра. Ал - оозеки айтылган уламыш, тарых. Ар бир санжыранын бир нече варианттары бар. Анын бир вариантын угуп алып эле ушул туура деп айтууга болбойт. Ар бир атактуу адам, ар бир окуя жөнүндөгү материалдарды колдон келишинче жыйнап, ырааттуу түрдө иликтеп, башка факт-материалдар менен салыштыруу ыкмасына негиздеп, талдап чыгаруу зарыл. Ушундай жол менен чындыктын өзөгүн табууга болот.

Башка окуялар жөнүндөгү санжыраларга караганда, атактуу адамдар жөнүндөгү санжыралардын варианттары көп кездешет. Анын жүйөлүү себеби бар сыяктанат, анткени ким эле элдик атактууларды өзүнө жакындаткысы келбесин. Маселен, Чыңгыз хан, Темирлан ж.б. сыяктуу улуу империяларды түзгөн адамдардын тек-насили жөнүндө дүйнөлүк тарыхта ушул мезгилге чейин түрдүү маалыматтар берилип жүрбөйбү. Алардын тек-насилин монгол, кыргыз, өзбек деп берип жүргөн тарыхый маалыматтар жетиштүү.

Эми колдо бар материалдарга, азыркы мезгилдеги чындыкка таянып, Тилекмат акенин тек-насилин Кара-Кулжа районундагы сары баргы уруусунан деп тартынбастан эле кесе айтууга болот.

Жылкыайдардын атасы Алимбек деген бектин эки аялы болгон: биринчи аялынан Суран; Сурандын үч уулу – Айдаралы, Көккөз жана Мурат болгон; булар Ажыке өрөөнүндө жашап турушат; экинчи аялы Күмүшайдан Жылкыайдар төрөлөт; Жылкыайдардын биринчи аялынан (Шекерден) Тилекмат, Байтайлак, Кыдырбай, экинчи аялынан (Шекер өлгөндөн кийинки аялынан) Буржук төрөлгөн. Булар жана булардын тукумдары азыркы Тилекмат (мурунку аталышы Шалба) айылында жашап турушат.

Алимбектин эки аялынан төрөлгөн тукумдар 1940-жылы эле издешип жүрүп табышкан. Тактап айтканда, өткөн кылымдын 1940-жылынын жай айларында түштүктөн Сурандын ортончу уулу Көккөздүн Салман жана Өмөш деген балдары Тилекмат айылына келип, бир тууганадарын таап, алар менен бир жерде чогуу жашоо жөнүндө сүйлөшүп жүрүшкөн. Бул маалыматты Тилекматтын азыркы тукумдары айтып жүрүшөт.

Сүйлөшүүлөр аягына чыга электе экинчи дүйнөлүк согуш башталып, алардын ойлору ишке ашпай калган. Ошол күндөн 2000-жылдарга чейин Алимбектин түштүк жана түндүктөгү тукумдарынын ортосундагы байланыш солгундап кеткен.

1998-жылдын 8-февралында Жети-Өгүз районундагы Оргочор айылында эки акенин – Сарт аке, Тилекмат акенин - эстеликтери коюлду. Бул Кыргыз Республикасы боюнча чоң салтанат катары белгиленип, республиканын бардык аймактарынан көптөгөн өкүлдөр, облустардын губернаторлору, райондордун акимдери, биринчи президент А.Акаев баш болуп келишип, расмий жыйын өткөрүштү. Аталган тарыхый эки акенин салтанатынан кийин Алимбектин эки баласынын – Сурандын жана Жылкыайдардын – тукумдары өз ара бир тууганадык катташты уланта башташты. Тагыраак айтканда, 2002-2009-жылдары эки жолу кезигишти. Жолугушуу Тилекмат айылында болгондуктан, бул жерге биринчи жолу он адам, экинчисинде элүүдөй адам Кара-Кулжадан келишип, мейман болушуп, чер жазыша сүйлөшүштү. Түштүктүк тууганадар Тилекмат акенин Кокон хандыгынан алган үч мөөрүн (бир мөөрү мурда эле Кален Жетимишбаевдин колунда сакталган) ала келишип, Оргочор айылындагы мамлекеттик музейге өткөрүп беришти.

Алимбек бектин эки аялынан төрөлгөн балдарынын тукумдары кийинки кездешүүсүндө Сарт аке менен Тилекмат акенин эстелигинде, Тилекмат акенин Кара-Күнгөйдүн этегиндеги (Тилекмат айылынын Кара-Күнгөйдү таяна беришиндеги) көрүстөндө коюлган эстелигинде жана Жылкыайдардын Түп районунун Талды-Суусунда жаткан жайында куран окушту жана Жылкыайдардын жаткан жайына жаңыртып эстелик тургузуу жөнүндө убадалашып кетишти. Бул иштер - азыркы болуп жаткан иштер. Ошентип, Тилекмат акенин тек-насили такталды. Аны Алимбектин өз тукумдары такташты.

**Адабияттар:**

1. Закиров С., Асаналиев Т. Саяктын санжырасы, I бөлүм. –Чолпон-Ата: Илмат Тур-Ас сервис чакан илимий-өндүрүштүк ишканасы, 1991, 3-4-б.

2. Жетимишбаев К., Насыракунов Р. Санжыра санаты. –Бишкек: Кыргызстан –Мээрим-1 ККИ, 1994, 63-б.

3. Иманов А. XVIII кылымдын экинчи жарымы, XX кылымдын башталышында Ысык-Көл өрөөнүндөгү ойчулдар, агартуучулар (Мойт аке, Сарт аке, Тилекмат аке), II бөлүм. – Каракол: Каракол басмаканасы, 1998, 75-76-б.

4. Эркебаев М. Тилекмат элчи. –Бишкек: «Заман» кыргыз-түрк газетасы, март, 1996.

5. Сооронкулов С. Бердике беш берен. –Бишкек: «Ала-Тоо» журналынын басмаканасы, 1994, 229-б.

6. Бийлибаев К. Тилекматтын түпкү насили ким болгон? «Назар» газетасы, 11. 08. 2009, №3.

Эл оозунан жыйналган санжыралар жана 1990-жылдын сентябрь айында Жети-Өгүз районунун Шалба (азыркы Тилекмат айылы), Ак-Дөбө айылдарында санжырачылардын республикалык биринчи сынагында айтылган санжыралар топтому. Бул топтом басмадан жарык көрө элек